# Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин практикасын өткөрүү боюнча

## КЕЛИШИМ

Ош шаары «21» «___02___» 2025

Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор **К. Г. Кожобеков**, мындан ары «ОшМУ», жана «Сулайман-Тоо» Улуттук тарыхый археологиялык музей комплексинин башкы директору **М. Э. Апарханов**, мындан ары «УТАМК», эки тарап практиканы уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү:

**I. «Сулайман-Тоо» УТАМК милдеттенет:**

1.1. Иш шарттарынын коопсуздугуна жана санитардык талаптарга жооп берүүсү, жогорку сапаттагы адис билимин, тажрыйбанын жана кесиптик көндүмдөрү үчүн шарттарды түзүү;

1.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жөнгө салынуучу тиешелүүлүгүнө жараша атайын жумуш менен жабдылган өндүрүш максаттарын камсыз кылуу;

1.3. «Сулайман-Тоо» УТАМКнын ички эрежелери менен тааныштыруу, котормо иштерине жардамдашуу, коопсуздук жана санитардык стандарттарга ылайык эрежелерди жүзөгө ашыруу;

1.4. Практикант милдеттенмелерди, эмгек тартибин бузган убакта Университетке кабар берүү;

**II. Ош МУ милдеттенет:**

2.1. Мекемеде практиканы өткөрүүнүн планын жана программасын сунуштайт;

2.2. Практика жетекчисин жана усулчусун дайындайт;

2.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте мекеме жетекчилердин жана адистердин эмгек акыларын төлөйт;

2.4. Зарыл практика программаларын, усулдук жана колдонмо куралдарын мекеменин кызматкерлери менен бирдикте түзүү;

2.5. Илимий –усулдук иш чараларды мекеме менен бирдикте аткаруу;

2.6. Мекеменин кызматкерлерине усулдук жактан жардам берүү;

2.7. Илимий-усулдук конференцияларды биримдикте өткөрүү;

2.8. Практиканттарга мекеменин ички тартибине баш ийүү эрежелерин алдын-ала түшүндүрүү;

**III.Тараптардын келишимдеги аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан Ош МУ, экинчи тараптан «Сулайман-Тоо» УТАМК кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2025- жылдан 2030-жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлүп, бири ОшМУда, экинчиси «Сулайман-Тоо» УТАМКда сакталат;

Юридикалык дареги: Ош мамлекеттик университети: 723500,Ош шаары, Ленин көчөсү 331.

«Сулайман-Тоо» Улуттук тарыхый- археологиялык музей комплекси Ош шаары, Г.Айтиев көч. №26.

ОшМУнун ректору,
профессор К. Г. Кожобеков

«21» «___02___» 2025-жыл

«Сулайман-Тоо» УТАМК башкы
директору М. Э. Апарханов

«___» «___02___» 2025-жыл